# № 10 А.Осмонов атындагы
# жалпы билим берүүчү
# орто мектебинин
# 2021 - 2022 - окуу жылы үчүн
# анализ - мониторинги

## Мазмуну:

1. 2021-2022-окуу жылындагы окуу планынын аткарылышы. Окуу процесси жана билим сапаты.

2. Усулдук иштер

3. Тарбиялык иштер

4. Ички көзөмөлдүн аткарылышы

5. Ата - энелер жана коомчулук менен иштөө

6. Мектептин окуу - материалдык базасын чыңдоо

## Мектептин окуу планынын аткарылышы жана окуу процесси

№10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин 2021-2022-окуу жылына түзүлгөн окуу планы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-жылдын 20-августундагы №1460/1 буйругу менен бекитилген. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарынын Базистик окуу планынын негизинде түзүлүп, бекитилген окуу пландын негизинде иш жүргүзүлдү. №10 А.Осмонов атындагы жалпы билими берүүчү орто мектеби билим берүү Мыйзамына, билим берүү тармагында иштеп жаткан Улуттук программаларга жана мектептин Уставынын негизине ылайык иштеди.

Окутууну жана тарбия берүүнү жакшыртуу планынын милдеттерине жараша кезектеги мониторинг жана мектептин ишмердүүлүгүнүн жыйынтык баасы төмөнкү аспекттерге негизделген.

1. Окуу планын аткаруу.
2. Окуучулардын жетишкендиктери.
3. Үйрөтүү, тарбия берүү, окутуу.
4. Мектептеги климат, ички эрежелер.
5. Ресурстар.

Жыл ичинде план боюнча декадалар, ачык сабактар, кечелер, семинарлар болуп өттү. Ар бир декада боюнча тегерек стол өткөрүлүп , анализдер берилип милдеттер коюлуп жатты. Сабактарды мыкты өткөн төмөнкү мугалимдерге: башталгыч классынын мугалимдери Р.У.Эргешова, А.М.Омекова,Ж.К.Бакирова өзгөчө усулдарын көрсөтө алышты. Мындан сырткары жаш мугалимдердин сабактарына усулдук жардам сунушталды. Башталгыч класстын мугалимдери негизинен алгылыктуу иштерди алып барышты. Насаатчылардын иши мектеп администрациясы тарабынан көзөмөлдөнүп сабактарга катышып жатышты. Биздин кетирген кемчилигибиз "Алтын түйүн", предметтик олимпиада жана ЖРТти жолго коюу жана күч аракетибизди жумшоо. Жыл жыйынтыгында насаатчы менен жаш мугалимдердин иши жана мектептин иши канааттандырарлык деп табылды. Келерки жылы кетирилген кемчиликтерди жоюу сунушталды.

План боюнча административдик текшерүүлөр жүргүзүлүп турду. Башталгыч класстар арасында "Таза дептерлер, сулуу жаз сынагы" жүгүзүлүп жыйынтыгында 1-б, 2-а, 3-а жана 4-б класстары жеңүүчү болуп табылды. Мектеп администрациясы тарабынан класс жетекчилерине ыраазычылык билдирилди. Усулдук бирикме жетекчиси катары Р.У.Эргешовага башталгыч класстардын билим сапатынын үстүндө иштөө жагы сунушталды.

Башталгыч классында 1-4-класска чейин 9 мугалим, даярдоо классында 2 мугалим эмгектенет. Ар бир мугалимдин пландары мектеп администрациясы тарабынан бекитилген жана план боюнча жылдык пландын негизинде толук өтүлдү.

**Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу үчүн милдеттер:**

1. Башталгыч класстарда окуп кайра айтып берүү, көргөнүн жана укканын сүрөттөп айтып берүүсүнүн үстүндө иштөө.
2. Тамгаларды элементи менен катасыз жазууга көнүктүрүү.

3. Логикалык ой жүгүртүүлөрүн, сөз байлыгын өстүрүү, аналогия жана сүйлөмдөрдү толуктоо менен иштөө.
4. Предметтик кружокторду, кошумча сабактарды өтүү жана начар окуган окуучулар менен көбүрөөк иштөө.
5. Жөндөмдүү окуучулар менен иш алып баруу.
6. Чейрек сайын окуучулардын билим деңгээлин текшерип, рейтинг- мониторинг жүргүзүү, кемчиликтердин үстүндө иштөө.
7. Жаңы технологияларды, усулдарды, жаңы стратегияларды сабак өтүүдө көп колдонуу.
8. Маалымат булактары менен иштөө.
9. Китепкана менен тыгыз байланышта болуу. Ата-энелер жана коомчулук менен байланышты күчөтүү.
10. Окуучулардын окууга болгон көндүмдөрүн өнүктөрүү жана китеп окууга болгон кызыгуусун күчөтүү.
11. Билим берүүгө жардам көрсөтүү үчүн мүмкүн болгон материалдардын түрлөрүн пайдалануу.
12. Сабакка коюлган максаттарга жетүү үчүн керектүү пландарды жана программаларын так иштөө.
13. Окуучулардын билимин реалдуу баалоо.
14. Мектептик олимпиадаларды өткөрүү.
15. Алдынкы тажрыйбалуу мугалимдердин иш тажрыйбасын жайылтуу. (шаардык, облустук, республикалык) ММКна берүү жана чыгаруу.
16. Кээ бир сабактарда билим сапаты төмөндөп кеткен начар окуган окуучулар менен кошумча сабак өтүү, кайра текшерүү иштерин жүргүзүү.
17. Компьютердик сабатсыздыкты жоюу.
18. Убагы менен сабак өтүүнүн ар кандай усулдарын колдонуп, ачык сабактарды семинарларды өтүп туруу.
19. Мугалимдердин арасында тажрыйба алмашуу үчүн шаардык деңгээлде өткөрүлүп жаткан семинарларга катышуу.
20. Өз билимин өркүндөтүү курстарына баруу.

**Ички көзөмөл**

Мектеп ичиндеги көзөмөл жыл башында түзүлгөн план боюнча жүргүзүлүп жатты. Ар бир чейректин башында жана аягында окуучулардын кыймылы такталып турду. Ар бир мугалимдин календарлык-тематикалык пландары жыл башында жана 2- жарым жылдыктын башында текшерилип, көзөмөлгө алынып бекитилди. Мугалимдер ошол пландар боюнча иш алып барышты. Биринчи жарым жылдыкта, экинчи жарым жылдыкта дагы журналдар текшерилип, окуучулардын өздүк делолору такталды. Административдик текшерүүлөр иш планга ылайык жүргүзүлдү. Башталгыч класстардын окуп түшүнүүсү жана окуу техникасы чейрек сайын усулдук бирикме жетекчиси Р.У.Эргешова тарабынан текшерилип жатты. Бүтүрүүчү класстардын тизмелери такталып, экзаменге даярдоо иштери жүргүзүлдү. Усулдук бирикме жетекчилери менен окуу бөлүмүнүн башчысы тыгыз байланышта иштеп, директордун алдындагы кеңешмелер убагында өтүлүп жатты.

**Анализ:** Ички көзөмөл боюнча 2021-2022-окуу жылында коюлган милдеттердин негизинде иштер алынып барылды. Ар бир айга карата пландын негизинде текшерүү, көзөмөлдөө иштери жүрүп турду. Айтылган эскертүүлөр менен сунуштар өз убагында аткарылып кезектеги кеңешмелерде жыйынтыктар каралып жатты.

**Ички көзөмөлгө коюлган милдеттер:**

1. Окуучулардын билимин текшерүү үчүн ай сайын жазуу жумуштарын алуу.
2. Ар бир сабактардын берилиштерин көзөмөлдөө.
3. Экиден жана топ менен иштөөнү күчөтүү.
4. Окуучулардын окуу техникасына жана түшүнүүсүнө көбүрөөк көңүл буруу.
5. Усулдук кеңештин ишин күчөтүү.
6. Чейрек сайын ар бир предмет жана ар бир класс боюнча билим сапатына анализ - мониторинг жүргүзүү.
7. Ийрим иштеринин өткөрүлүшүн көзөмөлдөө, окуучуларды олимпиадаларга жана ЖРТга даярдоо.
8. Жаш мугалимдерге усулдук жардам берүү.

**Натыйжа:** Бардык усулдук бирикмелердин жана мектептин усулдук иштеринин жүрүшүн анализдеп жалпы абалы педагогикалык кеңешмеде канааттандырарлык деп табылды. Жогорку класстын мугалимдери начар окуган окуучулар менен толук кандуу иш алып барбагандыгы аныкталды. Окуучуларды олимпиадага даярдоо жагында жакшы иштер жүргөн эмес. ЖРТке даярдоо жүгүртмөнүн негизинде өтүлүп жатты. Усулдук кеңештин ишин жакшыртуу боюнча сунуштар берилди. Кошумча окутуу жана билим сапатты жогорулатуу боюнча иштөө жагы ар бир мугалимге милдеттендирилди.

**Кадрлар менен иштөөнүн милдеттери:**

1. Педагогикалык окууларды жүргүзүү.
2. Семинарларды өтүү.
3. Тематикалык докладдарды угуу.
4. Квалификацияларын жогорулатуу үчүн курстарга баруу.
5. Тренингдерге катышуу.
6. Насаатчылардын иш тажрыйбалары жана методикасы менен таанышуу.
7. Өз ара сабакка катышууну күчөтүү.
8. Илимий конференцияларга катышуу.
9. Усулдук бирикмелердин иштөөсүн күчөтүү.
10. Мугалимдерди ар тараптуу маалымат булактары менен камсыз кылуу.
11. Электрондук мектепке ар бир мугалимди киргизүү.
12. Электрондук китеп менен таанышуу жана колдонуу ыкмалары боюнча маалымат алуу.

**Натыйжа:** . Усулдук бирикмелердин иш планындагы кемчилдиктер боюнча ар бир усулдук бирикме жетекчилерине оңдоо жагы сунушталды жана эскертилди. Мугалимдерге квалификациясын жогорулатуу курстарынан өтүү сунушталды.Жаш мугалимдерге тажрыйбалуу мугалимдердин сабактарына катышып,тажрыйбаларын арттыруу жагы эскертилди.

| | | |
|---|---|---|
| 1 | Мектептин аты | № 10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби |
| 2 | Дареги | Панфилов көчөсү 1 а |
| 3 | Директору | Джанышбаева Чолпон Турматбековна |
| 4 | Окуу бөлүмүнүн башчысы | Нарымбетова Гүлшайыр Мирзакаримовна |
| 5 | Уюштуруучу | Камчыбекова Бактыгул Бейшебековна |
| 6 | Соц. педагог | Алибаева Айша Сармановна |
| 7 | Ата-энелер комитетинин төрайымы | Исмаилова Урматай Исмаиловна |

**Мектептин тиби**

| Башталгыч класс | Толук эмес орто мектеп | Орто мектеп | Башка (лицей/гимназия) |
|---|---|---|---|
| | | + | |

**Окуучулардын саны**

| | Мектепте бардыгы | 0 | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бардыгы | 590 | 53 | 70 | 53 | 44 | 54 | 58 | 65 | 40 | 59 | 47 | 23 | 24 |
| Эркек | 300 | 26 | 36 | 28 | 24 | 28 | 31 | 37 | 16 | 29 | 27 | 10 | 8 |
| Кыздар | 290 | 27 | 34 | 25 | 20 | 26 | 27 | 28 | 24 | 30 | 20 | 13 | 16 |
| Класстар | 23 | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | |

| 2.2.Улуттук курамы | Баардык окуучулар | Баардык мугалимдер | Билим берүүнүн мыктысы |
|---|---|---|---|
| Кыргыз | 590 | 34 | 13 |
| Өзбек | 12 | | |
| | | | |

| 2.3. Окуучулардын категориясы | Саны |
|---|---|
| Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар | 3 |
| Томолой жетим | 4 |
| Жарым жетим | 30 |
| Социалдык жетим | 63 |
| Аз камсыз болгон үй- бүлө | 10 |
| Социалдык колдоого муктаж | 3 |
| Көп балалуу үй бүлө | 111 |
| Ата-энеси миграциядагы балдар (экөө тең) | 32 |
| Атасы сырткы миграциядагы балдар | 31 |
| Апасы сырткы миграциядагы балдар | 25 |
| Ата-энеси ички миграциядагы (экөө) | 3 |
| Атасы ички миграциядагы | 6 |
| Апасы ички миграциядагы | 6 |
| Ооган,Баткен ,Чернобль | 3 |

| | |
|---|---|
| Өгөй ата-эне менен жашаган окуучулар | 8 |

**Окутуунун натыйжалуулугу**

| | | |
|---|---|---|
| 7 | Библиотека | 1 |
| 8 | Китеп сактоочу жай | 1 |

## Долбоорлор

**Окутуунун жана тарбиялоону жакшыртуу пландары (ОТЖП)**

| | | Ооба | Жок |
|---|---|---|---|
| 1 | ОТЖП иштеп чыктыңызбы? | + | |
| 2 | Азыркы убакытка чейинки сарпталган гранттын бардык суммасы | | |

**Окуу курстарына баруу**

| | Долбоордун алкагындагы окуу курстардын аттары | Катышкан | Канча киши |
|---|---|---|---|
| 1 | ОТЖП боюнча окутуу | | |
| 2 | Окуучуларды баалоо боюнча окутуу | | |
| 3 | Окутуунун жаңы методдорун үйрөтүү | + | 1 |

**Мугалимдерди демилгелөө системасы**

| | Долбоордо катышуунун түрлөрү | Ооба | Жок |
|---|---|---|---|
| 1 | Мугалимдерди баалоонун жаңы системасын ишке ашыруу | + | |
| 2 | Ушул жылы баалоодон өткөн мугалимдердин саны | | |
| 3 | Сыйлык алган мугалимдердин саны | 6 | |
| 4 | Сиздердин мектепке депозит аркылуу жиберилген мугалимдердин саны | | - |

**Долбоорлор аркылуу алынган окуу методикалык материалдары**

| | Алынган материалдар, китептер | Саны | Класс | предмет | Тили |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Методикалык колдонмолор | - | | | |
| 2 | USAID тарабынан берилген көркөм адабияттар | 40 | 1-4 | | Кыргыз |
| 3 | USAID тарабынан берилген брошюралар | 141 | 1-3 | | Кыргыз/орус |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 60% төмөн китеп менен камсыз болгон предметтердин саны | 1-4 | 5-9 | 10-11 |
| | - | 11 | 1 |

**Башка окутуу ресурстары**

| | Ресурстар | Мектепте бар (+же - белгилегиле) | Саны |
|---|---|---|---|
| 1 | Компьютердик класс | + | 1 |
| 2 | Окуучулар колдонгон компьютерлердин саны | + | 7 |
| 3 | Интернет | + | 1 |
| 4 | Телевизор | + | 16 |
| 5 | Видео | + | 1 |
| 6 | Радио | - | - |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 7 | Магнитофон | - | - |
| 8 | Проектор | + | 1 |

**Мектеп сунуш кылган кошумча ишмердүүлүк**

| | Ишмердүүлүк | Саны | Катышкан окуучулардын % |
|---|---|---|---|
| 1 | Спорт клубдары (шахмат, бокс, волейбол) | 2 | 5 % |
| 2 | Изо жана кол өнөрчүлүк | 1 | 2,5% |
| 3 | Музыка жана бий кружоктору (кыргыз улуттук программалары менен бирге) | 1 | 3 % |
| 4 | Предметтер боюнча өзгөчө жөндөмдүү балдар үчүн сабактар | Математика,орус тил,физика,чет тил,тарых,кыргыз тили | 6% |
| 5 | Начар окуган окуучулар үчүн кошумча сабактар | Чет тил,орус тил, математика | 6% |
| 6 | Кызыгуулары боюнча сабактар/хобби (м.шахматы) | | |

**Мектеп имараты жана инфраструктура**

| Тармактар | Ооба | Жок |
|---|---|---|
| Жылытуу системасынын болушу | + | |
| Жылытуу системасынын иштеши | + | |
| Предметтик лабораториялардын болушу | + | |
| Мектеп имаратынын жалпы абалы (1-абдан начар, 2-начар, 3-канааттандырарлык,4-жакшы) | канааттандырарлык | |

| | 1-топ | Саны | 2-топ | Саны |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Окутуу кабинеттери | 23 | Спорт аянты | 1 |
| 2 | Административдик бөлмөлөр (директордун жана окуу бөлүмүнүн башчысынын бөлмөлөрү) | 4 | Гимнастикалык зал | - |
| 3 | Даараткалалар | 1 | Музыка каана | 1 |
| 4 | Тил үйрөнүү кабинеттери | | Ашкана | 1 |
| 5 | Адистештирилген кабинеттер.(мисалы биология) | 23 | Азем залы | 1 |
| 6 | Лабораторийлер (Химия сабагын өтүү үчүн) | 1 | Кол эмгек каана | 1 |

| | | |
|---|---|---|
| Окуучулардын биринчи үч орунду алган предметтердин саны. | Бардыгы:<br>Предметтер:<br>Кыргыз тили,чет тилдер, орус тили,<br>тарых,математика,география, физика,биология, химия | Бардыгы:<br>Предметтер:<br>Кыргыз тили,чет тилдер, орус тили,<br>тарых,математика,география, физика,биология, химия |

**Сыйлоо**
**Мектеп окуучулардын жетишүүсүн жогорулатууга кандайча түрткү берет, белгилеп кетиңиз**

| | | |
|---|---|---|
| 1 | Өзгөчөлөнгөн окуучулардын аттарын жарыялоо | Грамота |
| 2 | Окуучуларга сыйлык,акчалай премияларды берүү | + |

**Мугалимдер**

| Категория | Мектеп | | |
|---|---|---|---|
| | 1-4 кл | 5-9 кл | 10-11 кл |
| Кызматтардын саны | 9 | 24 | 24 |
| Вакансттуу кызматтардын саны | - | - | - |
| Мугалимдердин жоктугунан окутулбаган предметтердин саны | - | - | - |

**2020-2021-окуу жылынын 1- чейрегинин билим сапаты**

| Класстар | Жалпы саны | 5 | % | 4 | % | 3 | % | Өздөштүрүү % | Билим сапаты % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 70 | | | | | | | 100 % | |
| 2 | 52 | | | | | | | 100 % | |
| 3 | 40 | 12 | 30 | 16 | 40 | 12 | 30 | 100 % | 70 |
| 4 | 53 | 9 | 16,9 | 28 | 52,8 | 16 | 30,2 | 100 % | 69,8 |
| **1-4** | **215** | **21** | **22,5** | **44** | **47,3** | **28** | **30,1** | **100 %** | **69,8** |
| 5 | 62 | 8 | 12,9 | 14 | 22,5 | 40 | 64,5 | 100 % | 35,4 |
| 6 | 65 | 5 | 7,6 | 23 | 35,4 | 37 | 56,9 | 100 % | 43 |
| 7 | 42 | 6 | 14,2 | 16 | 38 | 20 | 47,6 | 100 % | 52,4 |
| 8 | 60 | 5 | 8,3 | 22 | 36,7 | 33 | 55 | 100 % | 45 |
| 9 | 49 | 2 | 4,1 | 17 | 34,7 | 30 | 61,2 | 100 % | 38,7 |
| **5-9** | **278** | **26** | **9,3** | **92** | **33** | **160** | **57,5** | **100 %** | **42,4** |
| 10 | 23 | 1 | 4,3 | 8 | 34,8 | 14 | 60,8 | 100 % | 39,1 |
| 11 | 25 | 1 | 4 | 10 | 40 | 14 | 56 | 100 % | 44 |
| **10-11** | **48** | **2** | **4,1** | **18** | **37,5** | **28** | **64,5** | **100 %** | **41,6** |
| 1-11 | 541 | 49 | 11,7 | 154 | 36,8 | 216 | 48,7 | 100 % | 48,4 |
| 3-11 | 419 | 49 | 11,7 | 154 | 36,8 | 216 | 48,7 | 100 % | 48,4 |

**2020-2021-окуу жылынын 2- чейрегинин билим сапаты**

| Класстар | Жалпы саны | 5 | % | 4 | % | 3 | % | Өздөштүрүү % | Билим сапаты % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 70 | | | | | | | 100 % | |
| 2 | 51 | | | | | | | 100 % | |
| 3 | 41 | 12 | 29,2 | 15 | 36,5 | 14 | 34,1 | 100 % | 65,8 |
| 4 | 52 | 9 | 17,3 | 21 | 40,3 | 22 | 42,3 | 100 % | 57,6 |
| **1-4** | **214** | **21** | **22,5** | **36** | **38,7** | **36** | **38,7** | **100 %** | **61,2** |
| 5 | 57 | 8 | 14 | 14 | 24,5 | 35 | 61,4 | 100 % | 38,5 |
| 6 | 64 | 5 | 7,8 | 23 | 35,9 | 36 | 56,2 | 100 % | 43,7 |
| 7 | 42 | 6 | 14,2 | 16 | 38 | 20 | 47,6 | 100 % | 52,3 |
| 8 | 59 | 5 | 8,4 | 25 | 42,3 | 29 | 49,1 | 100 % | 50,8 |
| 9 | 49 | 2 | 4 | 20 | 40,8 | 27 | 55,1 | 100 % | 44,8 |
| **5-9** | **271** | **26** | **9,5** | **98** | **36,1** | **147** | **54,2** | **100 %** | **45,7** |
| 10 | 23 | 1 | 4,3 | 9 | 39,1 | 13 | 56,5 | 100 % | 43,4 |
| 11 | 25 | 2 | 8 | 10 | 40 | 13 | 52 | 100 % | 48 |
| **10-11** | **48** | **3** | **6,2** | **19** | **39,5** | **26** | **54,1** | **100 %** | **45,8** |
| 1-11 | 533 | 50 | 12,1 | 153 | 37,1 | 209 | 50,7 | 100 % | 49,2 |
| 3-11 | 412 | 50 | 12,1 | 153 | 37,1 | 209 | 50,7 | 100 % | 49,2 |

**2021-2022-окуу жылынын 3- чейрегинин билим сапаты**

| Класстар | Жалпы саны | 5 | % | 4 | % | 3 | % | Өздөштүрүү % | Билим сапаты % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 70 | | | | | | | 100 % | |
| 2 | 54 | 15 | 27,7 | 20 | 37 | 19 | 35,1 | 100 % | 64,8 |
| 3 | 42 | 13 | 30,9 | 13 | 30,9 | 16 | 38 | 100 % | 61,9 |
| 4 | 53 | 9 | 16,9 | 20 | 37,7 | 24 | 45,2 | 100 % | 54,7 |
| **1-4** | **219** | **37** | **24,8** | **53** | **35,5** | **59** | **39,5** | **100 %** | **60,4** |
| 5 | 58 | 6 | 10,3 | 18 | 31 | 34 | 58,6 | 100 % | 41,3 |
| 6 | 63 | 5 | 7,9 | 23 | 36,5 | 35 | 55,5 | 100 % | 44,4 |
| 7 | 40 | 6 | 15 | 17 | 42,5 | 17 | 42,5 | 100 % | 57,5 |
| 8 | 58 | 5 | 8,6 | 25 | 43,1 | 28 | 48,2 | 100 % | 51,7 |
| 9 | 47 | 2 | 4,2 | 18 | 38,2 | 27 | 57,4 | 100 % | 42,5 |
| **5-9** | **266** | **24** | **9** | **101** | **37,9** | **141** | **53** | **100 %** | **46,9** |
| 10 | 23 | 1 | 4,3 | 8 | 34,7 | 14 | 60,8 | 100 % | 39 |
| 11 | 24 | 3 | 12,5 | 8 | 33,3 | 13 | 54,1 | 100 % | 45,8 |
| **10-11** | **47** | **4** | **8,5** | **16** | **34** | **27** | **57,4** | **100 %** | **42,5** |
| 1-11 | 532 | 65 | 12,2 | 170 | 31,9 | 227 | 42,6 | 100 % | 44,1 |
| 2-11 | 462 | 65 | 14 | 170 | 36,7 | 227 | 49,1 | 100 % | 50,8 |

**2021-2022-окуу жылынын 4- чейрегинин билим сапаты**

| Класстар | Жалпы саны | 5 | % | 4 | % | 3 | % | Өздөштүрүү % | Билим сапаты % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 70 | | | | | | | 100 % | |
| 2 | 53 | 12 | 22,6 | 23 | 43,3 | 18 | 33,9 | 100 % | 66 |
| 3 | 44 | 13 | 29,5 | 15 | 34 | 16 | 36,3 | 100 % | 63,6 |
| 4 | 54 | 11 | 20,3 | 21 | 38,8 | 22 | 40,7 | 100 % | 59,2 |
| **1-4** | **221** | **36** | **16,2** | **59** | **26,6** | **56** | **25,3** | **100 %** | **42,9** |
| 5 | 58 | 6 | 10,3 | 19 | 32,7 | 31 | 53,4 | 100 % | 43,1 |
| 6 | 65 | 5 | 7,6 | 24 | 36,9 | 36 | 55,3 | 100 % | 44,6 |
| 7 | 40 | 7 | 17,5 | 15 | 37,5 | 18 | 45 | 100 % | 55 |
| 8 | 59 | 5 | 8,4 | 26 | 44 | 28 | 47,4 | 100 % | 52,5 |
| 9 | 47 | 2 | 4,2 | 18 | 38,2 | 27 | 57,4 | 100 % | 42,5 |
| **5-9** | **269** | **25** | **9,3** | **102** | **38,2** | **140** | **52,4** | **100 %** | **47,2** |
| 10 | 23 | 1 | 4,3 | 9 | 39,1 | 13 | 56,5 | 100 % | 43,4 |
| 11 | 24 | 3 | 12,5 | 10 | 41,6 | 11 | 45,8 | 100 % | 54 |
| **10-11** | **47** | **4** | **8,5** | **19** | **40,4** | **24** | **51** | **100 %** | **48,9** |
| 1-11 | 537 | 65 | 12,1 | 180 | 33,6 | 220 | 41,1 | 100 % | 45,6 |
| 2-11 | 467 | 65 | 13,9 | 180 | 38,7 | 220 | 47,3 | 100 % | 52,4 |

**2021-2022-окуу жылынын жыйынтыгында билим сапаты**

| Класстар | Жалпы саны | 5 | % | 4 | % | 3 | % | Өздөштүрүү % | Билим сапаты % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 70 | | | | | | | 100 % | |
| 2 | 53 | 12 | 22,6 | 24 | 45,2 | 17 | 32 | 100 % | 67,9 |
| 3 | 44 | 13 | 29,5 | 16 | 36,3 | 15 | 34 | 100 % | 65,9 |
| 4 | 54 | 11 | 20,3 | 21 | 38,8 | 22 | 40,7 | 100 % | 59,2 |
| **1-4** | **221** | **36** | **16,2** | **61** | **27,6** | **54** | **24,4** | **100 %** | **43,8** |
| 5 | 58 | 6 | 10,3 | 17 | 29,3 | 35 | 60,3 | 100 % | 39,6 |
| 6 | 65 | 5 | 7,9 | 24 | 36,9 | 36 | 55,3 | 100 % | 44,6 |
| 7 | 40 | 7 | 17,5 | 16 | 40 | 17 | 42,5 | 100 % | 57,5 |
| 8 | 59 | 5 | 8,4 | 26 | 44 | 28 | 47,4 | 100 % | 52,5 |
| 9 | 47 | 2 | 3,3 | 19 | 32,2 | 26 | 55,3 | 100 % | 44,6 |
| **5-9** | **269** | **25** | **9,2** | **102** | **37,9** | **142** | **52,7** | **100 %** | **47,2** |
| 10 | 23 | 1 | 4,3 | 11 | 47,8 | 11 | 47,8 | 100 % | 65,2 |
| 11 | 24 | 3 | 12,5 | 10 | 41,6 | 11 | 45,8 | 100 % | 54,1 |
| **10-11** | **47** | **4** | **8,5** | **19** | **40,4** | **24** | **51** | **100 %** | **48,9** |
| 1-11 | 537 | 65 | 12,1 | 180 | 33,5 | 220 | 40,9 | 100 % | 45,6 |
| 2-11 | 467 | 65 | 13,9 | 180 | 38,5 | 220 | 47,3 | 100 % | 52,4 |

Окуу жылынын ичинде план боюнча декадалар, ачык сабактар, кечелер иш планга ылайык белгиленген мөөнөттө өткөрүлдү.

## № 10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин 2021 - 2022 - окуу жылындагы өткөрүлгөн иш-чаралар боюнча билдирүү

15-сентябрда “Билим күнүнө” карата салтанаттуу линейка 1-11-класстардын окуучуларына өткөрүлдү.

Ошондой эле 1-4-класстарына “Ата Журтум- асыл Мекеним”, 5-8-класстарына “Түбөлүккө желбирей бер эгемендик желеги”, 9-11 класстарына “Мекенибиз Кыргызстан эгемендүүлүк жолунда” деген темада ачык класстык сааттар өтүлдү.

Ар бир декаданын жыйынтыгы чыгарылып, анализдер берилип, милдеттер коюлуп жатты. Сабактарын төмөнкү мугалимдер мыкты өтүштү: Башталгыч класстын мугалимдери Р.У.Эргешова, А.М.Омекова, Ж.К.Бакирова.Андан сырткары башталгыч класстын мугалимдери тарабынан “Алтын күз” деген темада класстан тышкаркы иш- чарасы өтүлдү. Даярдоо классынын окуучулары тарабынан “Чыр бала” аттуу ыр аткарылды.1-класстардын окуучулары тарабынан “Күз” темасына арналган ырлар көркөм окулду. 2-класстардын окуучулары тарабынан жомоктор сахналаштырып коюлду.3-класстардын окуучулары тарабынан макал-лакаптар,табышмактар,жаңылмачтар айтылды. 3-б классынын окуучулары Саматбекова Арууке жана Джанышбаева Элина обондуу ыр аткарышты. 4-а классынын окуучулары тарабынан бий тартууланды.Андан сырткары 4-а,б класстары макал-лакап айтуу боюнча жарышышты.

“1-октябрь- Карылар күнүнө” карата “Карысы бардын- ырысы бар”, “Жаш кезде берсин мээнетти, карыганда берсин дөөлөттү”, “Кары адамга ким сый-урмат көрсөтсө, ал сөзсүз кийин кайтат”, “Нускалуу карыя болбой, ыймандуу жаш болбойт” деген темаларда класстык сааттар өтүлдү.

Мектеп окуучуларынын социалдык карталары соц педагог А.Алибаева тарабынан жаңыланып толтурулуп , такталды.

4-октябрь күнү мугалимдердин кесиптик майрамына карата салтанаттуу линейка өткөрүлдү.

Ошондой эле “Мугалим- мөмөлүү дарак”, “Мугалим- кандай гана ардактуу сөз”, “Мугалим- сезиминде ыйык адам” деген темада класстык сааттар өтүлдү.

29-октябрда “Берекелүү күз ” деген темада күз жарманкеси өткөрүлдү. Жарманкеге 5-8-класстын окуучулары катышты. Эң мыкты катышкан класстар 5-б классы, 6-аб класстары, 7-а класстары грамоталар менен сыйланышты.

20-октябрда “Менин укугум жана милдетим” деген темада 9-11-класстарына тарбиялык сааттар өтүлдү.

“1-декабрь -Бүткүл дүйнөлүк СПИД менен күрөшүү күнүнө” карата 1-декабрда Шамалды-Сай аймактык башкармалыгы, оорукана кызматкерлери. №2 К.Осмонкулов мектеби, №8 М.В.Фрунзе мектеби менен биргеликте акция өткөрүлүп , суроо –жооп викториналар уюштурулду 30-ноябрда 10-а классынын класс жетекчиси Н.Айдаралиева “СПИД- айыккыс илдет” деген темада ачык класстык саат өтүп берди. 4-декабрь “Манас эпосунун” күнүнө карата 8-аб класстарынын арасында “Манас таануу” интеллектуалдык оюн сынагын кыргыз тили жана адабия мугалими Г.Токонова өтүп берди.

"10-декабрь- Бүткүл дүйнөлүк адам укуктарын коргоо күнүнө" карата "Менин укугум адамзаттын коргоосунда" деген темада11-класска Балбаева Дилбар Асановна ачык класстык саат өтүп берди.

12-декабрь Ч.Айтматовдун 93 жылдыгына жана А.Осмоновдун көз жумган күнүнө карата "Өчпөс жылдыздар" деген темада 7-11-класстар арасында адабий кече өткөрүлдү.

Кечеге мыкты катышкан окуучулар кыргыз тили жана адабияты мугалими Ч.Молдобекова тарабынан даярдалган ар кандай белектер менен сыйланышты.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тилинин 32 жылдыгына карата иш-чаралар түзүлдү, бекитилди жана уюшкандыкта өткөрүлдү. Мамлекеттик тил жөнүндө мыйзам усулканада жана ар бир класс каанасында бар. Мамлекеттик тилдин кадыр-баркын көтөрүү максатында 9-11-класстар арасында "Эне тилим -менин сыймыгым" деген ураандын астында дубал газеталарды чыгармачылык менен чыгарышты. Жазуу иштери (Жат жазуу,эссе) жазылды, бурчтар уюштурулду. "Тилим менин-жан дилим" темасында Мамлекеттик тилдин 32 жылдыгына карата салтанаттуу линейка өткөрүлүп,ырлар көркөм окулду.Бийлер, сахналык көрүнүштөр, КРнын Мамлекеттик тил гимни уктурулду. Салтанаттуу линейканын максаты айтылды. "Улут болсом, тилим менен улутмун "аттуу теманын негизинде 6-а классына кыргыз тили жана адабияты мугалими С.Бечелова, 6-б классына Н.Калдинова, 8-а классына Г.Токонова ачык сабактарды өтүшүп, эне тилибиздин улуулугун, басып өткөн тарыхый жолун, тазалыгы, өнүгүүсү үчүн чоң салым керектигин, максатын түшүндүрүштү. "Кыргыз тили кылымдарды баскан тил" деген темада көркөм окуу сынагы 5-11- класстар арасында өткөрүлдү. "Эне тилим- менин сыймыгым" деген аталышта 1-5-класстар арасында сүрөт конкурсу өткөрүлдү. Сүрөт конкурсунда мыкты көрсөткүчтү 4-5-класстын окуучулары көрсөтүштү. Жалпы окуучуларга кыргыз тилинин коомдогу орду үчүн, тазалыгы үчүн күрөшүүгө, таза, маданияттуу сүйлөөгө тарбиялык багыт берилди.

4-декабрь "Манас " эпосунун күнүнө карата "Манасым- менин мурасым"аттуу таймаш 8-аб класстары арасында өтүлүп, таймаштын максаты айтылды. Манас айтуу, сыр куржун, күтүлбөгөн суроолор, эпостон сахналык көрүнүштөр көрсөтүлдү. Таймаш максатына жетти. Уюштурган мугалим Г.И.Токоновага карата ийгиликтер айтылды.

"12-декабрь -Улуттук адабият күнүнө" карата улуу жазуучу Ч.Айтматовдун 93 жылдыгы жана акын А.Осмоновдун 106 жылдыгына карата иш мерчемдер түзүлүп, ага ылайык төмөндөгү иш чаралар өткөрүлдү. Кыргыз элинин залкарлары Ч.Айтматов жана А.Осмоновдун өмүрү, чыгармачылыгына байланыштуу бурчтар уюштурулуп , дубал газеталар чыгарылды. Жазуу иштери алынды. 1-11- класстарына акын А.Осмоновдун ырлары, Ч.Айтматовдун чыгармалары боюнча тасмалар көрсөтүлдү. Эскерүү сабактары өтүлдү. "Алыкул жана музыка" деген темада 6-б классына Н.Калдинова тарбиялык сабак өтүп, акындын ырлары көркөм айтылды,сабактын максаты окуучуларга түшүндүрүлдү, обондуу ырлар аткарылды, видео роликтер көрсөтүлүп, сабак максатына жетти. "Замандын залкар сүрөткерлери" деген темада бирикме мүчөлөрү жана китепкана башчысы М.Сартаева менен биргеликте китеп көргөзмөсү уюштурулду. "Алыкулдун ырлары биздин жүрөгүбүздө!" деген аталышта көркөм окуу сынагы 1-4-класстар арасында өткөрүлүп, мыкты көрсөткүчтү 4-б класстын окуучулары көрсөтүштү. Ал эми

5-11-класстар арасында өткөрүлгөн көркөм окуу сынагынын жыйынтыгында 5,6, 9-класстын окуучулары тарабынан ырлар таамай, так, жеткиликтүү жана көркөм айтылгандыгы белгиленди. "Ч. Айтматов 93 жашта!" деген темада 5-11-класстар арасында адабий -музыкалуу кече өткөрүлүп, А.Осмоновдун ырларынан көркөм окуулар, Ч.Айтматовдун чыгармаларынан сахналык көрүнүштөр, обондуу ырлар аткарылып, видео роликтер көрсөтүлдү.

"Айтматовдун дүйнөсүнө саякат" деген аталышта 9-аб класстарынын арасында КВН (таймаш) өткөрүлүп, жазуучунун чыгармалары боюнча сахналык көрүнүштөр аткарылып, обондуу ырлар ырдалып, таймаш максатына жетип, жыйынтыгында 9-б классы жеңишке жетишти.

Кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин декадасы декабрь айында өткөрүлдү. 7-а классына кыргыз тили сабагы боюнча Н.Калдинова "Сан-өлчөм тактооч" боюнча сабак өттү. 5-а классына кыргыз тили сабагынан "Орфография жана орфоэпия" деген темада Ч.Молдобекова сабак өттү. 8-а классына Г.Токонова кыргыз адабияты сабагынан "Сейтек" эпосундагы "Кыяздын өлүмү" аттуу теманы өттү.

Кыргыз тили жана адабияты жумалыгы "12-декабрь -Улуттук адабият күнү" менен байланышып, адабият кечелер, КВН (таймаштар), көркөм окуулар,кол өнөрчүлүк, китеп көргөзмөсү, кереге гезиттер чыгарылып уюштурулду.Видео тасмалар көрсөтүлдү.

Насаатчылардын иши мектеп администрациясы тарабынан көзөмөлдөнүп турду. Биринчи жарым жылдын жыйынтыгында насаатчы менен жаш мугалимдердин иши жана мектептин иши канааттандыраарлык деп табылды. Мындан сырткары жаш мугалимдердин сабактарына усулдук жардам сунушталды.

Январь айында алкоголь жана наркоманиянын зыяндуулугу боюнча 9-11-класстардын окуучуларына видео-роликтер көрсөтүлүп,талкууланып,түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.7-а классына "Тамеки чегүү ден соолукка зыян" деген темада А.Юсупбаева тарбиялык ачык саат өтүп берди.

"Төрт мезгилдин өз-өзүнчө сыры бар "аттуу сынагы 3-а жана 3-б класстарынын арасында өткөрүлдү.Эки класс тең эң мыкты деңгээлде даярданышкан. Окуучулардын өздүк-гигиеналык абалы,тазалыгы жакшы,ал эми форма кийбей келген окуучуларга эскертүүлөр берилди.Мектептеги окуучулардын күндөлүктөрүнүн абалы боюнча текшерүү жүргүзүлдү.Жыйынтыгында, 2-а,3-б,4-а класстарынын окуучуларынын күндөлүктөрү жакшы абалда экендиги белгиленди.Ал эми жогорку класстардан 5-6-7-класстарынын окуучулары күндөлүктөрүн талаптагыдай колдонушары,ал эми 9-10-11-класстын окуучуларынын күндөлүктөрүндө баанын аз коюлгандыгы байкалды.

Февраль айында өспүрүмдөрдү патриоттуулукка тарбиялоо максатында 1-4-класстарында "Зомбулуксуз жашоо", "Баатырлар - эл сыймыгы","Табиятты бүлүндүрүү-бул адепсиздик", 5-8-класстарына "Зордук зомбулуксуз жашоо", "Кыргыз элинин баатырлары", 9-11-класстарына "Өзүңдүн керт башыңдан элдикин өйдөлөт", "Чыныгы жигиттин жүрөгү эл үчүн" деген темаларда тарбиялык сабактар өтүлдү.

21-февраль- "Бүткүл дүйнөлүк эне тил күнүнө" карата 22-февралда Таш-Көмүр шаарында №4 орто мектебинде өткөрүлгөн сынакка $5^а$-классынын окуучусу А.Абдурасулов патриоттук жана согуштук ырлар номери менен $8^а$-классынын окуучусу А.Эргешалиева көркөм окуу номерлери менен катышып келишти.

22-февралда аймактык өспүрүмдөр менен иштөө инспектору “Суицид түшүнүгү”деген темада 8-11- класстардын окуучуларына лекция окуп, түшүндүрүү иштерин жүргүздү.

Класс жетекчилердин иш кагаздары, тарбиялык журналдар өз убагында толтурулду.

Окуучулардын санитардык- гигиеналык абалы мектеп парламенти жана күзөтчү класстар тарабынан жума сайын текшерилип турду.

23-февраль- “Ата Мекенди коргоочулар күнүнө” карата “Кана эмесе, балдар” сынагы $5^{а}$ жана $5^{б}$-класстарынын эркек балдар арасында өткөрүлдү.Жеңүүчү команда грамота менен сыйланды.

“Кыргыз Республикасынын Туусуна 30 жыл” деген темада 1-11-класстарына тарбиялык саатттар өтүлдү.

3-март- Туу күнүнө карата “Кыргыз Республикасынын Туусунун тарыхы” деген темадагы доклад 10-11-класстын окуучуларына конференцияда окулуп, талкуу жүргүзүлдү. Доклад тарых мугалими Н. Айдаралиева тарабынан даярдалды.

Китепканада китеп көргөзмөлөрү уюштурулду.

Көркөм окуу сынагы 4-а,б класстарынын арасында өткөрүлдү. Сынактын жеңүүчүсү болуп, $4^{а}$- классынын окуучусу А.Жанарбекова табылды жана грамота менен сыйланды.

Туу жана Ак калпак күнүнө карата 6-7- класстарынын арасында “Акыл ордо” интеллектуалдык оюну өткөрүлдү. Оюндун жыйынтыгында жеңүүчү катары $7^{а}$-классынын окуучусу А.Джанышбаева грамота менен сыйланды.

7-мартта “Кыз адеби кымбат ”деген темада “Кана эмесе кыздар” сынагында $8^{а}$ жана $8^{б}$- класстарынын “Кызгалдак”жана “Каныкей” командалары жарышып, жыйынтыгында эки команда тең чыгышты.Командалар грамоталар менен сыйланды.

“Гүлдөр майрамы” чыгармачылык композициялар көргөзмөсү уюштурулду. Көргөзмөгө $2^{а}$,$4^{а}$,$5^{а}$,$6^{а}$,$7^{б}$-класстары эң активдүү катышып,кагаздан, кебезден эң сонун гүлдөрдү жасашты.

18-мартта Нооруз майрамына карата “Сармерден” оюну өткөрүлдү.

7-апрелге карата “Ата Мекен ар бир инсан үчүн керек” ,”7-апрель- Элдик революция” деген темаларда тарбиялык сабактар өтүлдү.

Апрель айында “Ата Журт кыйын күнгө кабылганда,айлансын ар бир уул-кызың чагылгыңа” деген темада шаардык семинар өткөрүлдү.Семинарда сабак берген муглимдер 11-а классына “Эл башына күн түшсө,жан аяган жигитпи”деген темада класс жетекчи Балбаева Дилбар,9-б классына “Өмүр бизден өтүп кетсе,эл эмгектен эскерсин” деген темада класс жетекчи Тургунбаева Айнура,10-а классына “Биз эскерсек кай күнү,алар тирүү ал күнү”деген темада класс жетекчи Айдаралиева Назира,6-акласcына “Мекеним-Кыргызстан” деген темада класс жетекчи Бечелова Сезим тарбиялык ачык сааттарды өтүп беришти.Семинар “Өлбөс полк” жүрүшү менен башталып,адабий кече менен аяктады.

Улуу Жеништин 77 жылдыгына карата “Улуу Жеңиштин даңкы өчпөйт!”, “Соолутпа жанды,соо болсун десең Ата Журт” деген темаларда тарбиялык сааттар өтүлдү. Улуу Жеништин 77 жылдыгына карата Шамалды-Сай аймактык башкармалыгы тарабынан уюштурулган парадка мугалимдер жпнп окуучулар толугу менен активдүү катышышты.19-майда В.И.Ленин атындагы пионерлер уюмунун 100 жылдыгына карата салтанаттуу линейка өткөрүлдү.Ошондой эле “Тоолордун

экосистемасын коргоо жана климаттык туруктуулук" жыл алкагында Улуу Жеништин 77 жылдыгына карата "Мен - Мекен коргоочусумун" аттуу шаардык деңгээлде өткөрүлгөн сынакта 1-орунду ээлешип,облустук туруна катышып келишти. Жылдын жыйынтыгы менен "Эң мыкты " класс номинациясы 4-а жана 7-а класстарына берилди.Ал эми "Жылдын мыкты класс жетекчиси" номинациясы 11-а классынын класс жетекчиси Балбаева Дилбаркан Асановнага ыйгарылды.

2021-2022-окуу жылында дене тарбия мугалими Ж.Сонунбековдун демилгеси менен демөөрчүлөр тарабынан мектептин жер төлөсүндөгү мушкерлер залы реконструкцияланып,жаш мушкерлер үчүн заманбап шарттар түзүлдү.

Мектеп директору: Джанышбаева Ч.